*Омурова К.О., Акжолтоева Р., Смаилова Т.*

# БИЙИК ТООЛУУ КАРАТАЛ-ЖАПЫРЫК МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ КОРУГУНДАГЫ КЭЭ БИР ПАЙДАЛУУ ДАРЫ ӨСҮМДҮКТӨРГӨ МҮНӨЗДӨМӨ

*Омурова К.О., Акжолтоева Р., Смаилова Т.*

# ХАРАКТЕРИСТИКА НЕКОТОРЫХ ЛЕЧЕБНЫХ РАСТЕНИЙ В ВЫСОКОГОРНОМ ГОСУДАРСТВЕННОМ ЗАПОВЕДНИКЕ КАРАТАЛ-ЖАПЫРЫК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*K.O. Omurova, R. Akzholtoeva, T. Smailova*

# CHARACTERISTICS OF SOME MEDICINAL PLANTS IN THE HIGH-ALTITUDE NATIONAL PARK KARATAL-ZHAPYRYK OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 581(575.2) (04)*

*Азыркы мезгилде бүткүл дүйнөдө дары-дармек өсүмдүктөргө жана алардын негизинде даярдалган препараттарды колдонууга болгон кызыгуу жыл өткөн сайын жогорулоодо. Өсүмдүктөрдүн жаңы түрлөрү гана эмес, элдик медициналык практикада эчактан бери белгилүү болгон жана пайдаланып келген өсүмдүктөрдү дагы терең изилдөө иштери жүргүзүлүүдө. Бийик тоолуу Кыргыз Республикасынын Каратал-Жапырык мамлекеттик жаратылыш коругундагы таралган дары өсүмдүктөрдүн азыркы кездеги абалы жана этноботаникалык изилдөөлөрү менен бирге колдонуу шарттары боюнча баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *дары-дармек өсүмдүктөрү, корук, витамин, фермент, алкалоид, гликозид, органикалык кислота, эфир майы, уулу зат, микроэлемент.*

*В настоящее время возрастает интерес к лечебным растениям во всем мире. Ведутся исследования по изучению растений для нетрадиционной медицины. В данной статье даны материалы о растительности высокогорного государственного заповедника Каратал-Жапырык в Кыргызской Республике. В статье включены этноботанические исследования, а также текущее состояние лекарственных растений в данном заповеднике.*

***Ключевые слова:*** *лекарственные растение, заповедник, витамин, фермент, алкалоид, гликозид, органическая кислота, эфирные масла, ядовитые вещества, микроэлемент.*

*At present, there is an increasing interest in medicinal plants all over the world. Studies are underway to study plants for alternative medicine. This article shows materials about the vegetation of the highland state reserve Karatal-Zhapyryk of the Kyrgyz Republic. The article includes ethnobotanical studies as well as the current state of medicinal plants in this reserve.*

***Key word:*** *medicinal plant, reserve, vitamin, enzyme, alkaloid, glycoside, organic acid, essential oils, toxic substances, trace element.*

Жер үстүндөгү жашоо тиричиликтин негизги булактарынын бири болуп өсүмдүк эсептелинет. Өсүмдүктөрдүн жашоо тиричиликке берген орду, башкача айтканда керектелүүчү зат катары ар кандай ооруларды алдын алуу жана дарылоо үчүн дары-дармектерди колдонуу болуп саналат. Дары-дармек өсүмдүктөргө кызыгуунун өсүшү жана суроо-талаптын жогорулашынын негизги себептери: дарылоодо кошумча таасирди пайда кылбай жеңил терапевдик таасир көрсөтүшү, узакка чейин пайдалануу мүмкүнчүлүгү, ууландыруу таасиринин аз санда болушу, ошондой эле дарылоочу каражат катары табигый жана синтетикалык жол менен өндүрүлгөн заттарды туура айкалыштырып, максатка ылайык чогуу пайдалануудагы касиети, артыкчылыктары боюнча бул макалада көрсөтүлгөн.

Жапайы өсүмдүктөрдүн дарылык касиети өсүмдүктөрдүн жашоо тиричилик процессинде иштелип чыккан биологиялык активдүү заттардын болушуна жана алардын организимге тийгизген фармакологиялык таасирине жараша болот. Таасир этүүчү заттар же аларда биологиялык активдүү заттар – бул органикалык кошулмалардын ар түрдүү классындагы белгилүү бир химиялык компоненттер. Алар өсүмдүктөрдүн бардык бөлүкчөлөрүндө же айрым бир органдарында, тамырында, сабагында, гүлүндө, уругунда, жалбырагында жана жемишинде болот. Баарыдан мурда пайдалуу заттар өсүмдүктүн белгилүү органдарында топтолушат, ал кезегинде дарылоонун булагы болуп калат. Өсүмдүктүн химиялык курамындагы таасир этүүчү заттардын саны жана өлчөмү өсүмдүк өскөн жерге, кыртышка, деңиз деңгээлинен бийиктикте өсүшүнө, күндүн активдүүлүгүнө, жыйноонун мезгилине, сактоонун ыкмасына дагы башка көптөгөн факторлорго жараша болот. Бир эле өсүмдүктө ар кандай климаттык-географиялык зоналарда өскөнүнө жараша керектүү заттар топтолот.

Эң башкы химиялык кошулмалар алкалоиддер, гликозиддер, сапониддер, флавоиддер, органикалык кислоталар, эфир майлары,коюу майлар, чайырлар, витаминдер, кураминдер, ашаткыч заттар, ачуу же уулу заттар, былжырлуу заттар, пектин заттары, ферменттер, туздар, микроэлементтер болуп саналат. Дары-дармек өсүмдүктөрдүн медицинада нукура колдонуу өтө сейрек кездешет жана элдик дарыгерчиликте кеңири колдонулат. Өсүмдүктөрдү нукура колдонууда, аларды даярдоонун түрдүү ыкмалары бар.

Практика жүзүндө суудагы демдемеси (настой) жалбырагынан, гүлдөрүнөн, чөптөрүнөн ал эми кайнатмасы (отвар) тамырынан, тамыр сабагынан, уругунан, мөмөсүнөн жана спирттеги ачытмасы (настойка) кеңири пайдаланылат. Мындан тышкары өсүмдүктөрдү жыйноонун, даярдоонун эрежелерин туура сактаган учурда гана дары өсүмдүктүн мыкты чийки затын жыйноо шексиз. Ошондуктан, дары өсүмдүктөрдүн кайсы органы жыйнала турганын, мезгилдин кайсы убагында, кандай жыйноо ыкмаларын жана өскөн жерин толук билүү зарыл.

Бул макалада бийик тоолу Нарын өрөөнүндө жашаган жергиликтүү калктын жашоо тиричилиги өсүмдүктөр менен тыгыз байланышта болуп келгени анык. Себеби, ар кандай дары чөптөрдү колдоно билүүсү менен ар кандай дарттардан арылыш үчүн пайдаланып келишкени маалим, ошол себептен, Ички Тянь-Шандан орун алган кайталангыс табияты менен өзгөчөлөнүп келген, климаттык шарты катаал Каратал-Жапырык малекеттик жаратылыш коругундагы бир нече дары-дармек өсүмдүктөрдүн таралышына, касиетине, курамына жана колдонулушуна токтоло кетелик.

**Кадимки танацетум-пижма обыкновенная-Tanacetum vulgare**
**Татаал гүлдүүлөр тукуму-Asteraceae**
**Пайдаланган бөлүгү -топ гүлү**

Көп жылдык өсүмдүк. Тамыры жерде сойлоп өсөт, көп баштуу. Сабактары жыш тике өсөт. Жалбырактары элипси формасында, уудаа эки тилинген. Гүл себетчелеринин диаметри 5-8 мм, жыш калканчага топтолгон. Гүлдөрү сары түстө болот. Июль айынан сентябрь айларына чейин гүлдөйт жана мөмө берет. Мөмөсү сүйрү.

**Таралышы:** Ички Тянь-Шань тоолорунун субальпы алкактарында арчалуу токойлорунда, суу жээктеринде, тоолордун чөптүү жылгаларында кездешет.

**Касиети:** Топ гүлдөрүн 3 см ден кем эмес узундукта терип алып жыйнайт. Көлөкө жерлерде кургатышат. Майдаланганда өзүнчө жыты бар даамы ачуу келет. Гүлүнөн алынган танацин деп аталган флавоноиддер өт тазалоочу дары катары уруксат берилген, ошондой эле инсектициддүүлүк касиети да бар.

**Курамы:** Топ гүлүнүн составында эфир майы бар, буга камфора, туйон, борнеол, пинен заттары кирет. Мындан тышкары алкалоиддер, флавоиддер, лютеолин, кверцетин ж.б. органикалык заттар кирет. **Колдонуу:** Топ гүлү порошок түрүндө сууга демдеп аскаридос, (острица) чүчөк курттарына жана өт ооруларына Мисалы: холециститтерде, гепатиттерде өт тазалоочу каражат катары колдонулат.

**Карындыз- девясил высокий-Inula helenium.L**
**Татаал гүлдүүлөр тукуму – Asteraceae**
**Пайдалануу бөлүгү - тамыры**

Узундугу 2 м чейинки көп жылдык түктөрү жок өсүмүк. Жалбырактары калың, сүйрүрөөк келген сырткы бети жалтырак, жылмакай, астынкы жагы түктүү. Себетчелери көбүрөөк, өңү сары, диаметри 4-6 см топ гүл калканчаларына чогулган. Уруктары 2-3мм узундукта, 10-12 мм кырдуу. Май, июнь айларында гүлдөйт жана август айларында мөмөсүн берет.

**Таралышы:** Коруктун Көк-Бел, Каратал суусунун жээктеринде, Көл-Төр өрөөндөрүндө кездешет.

**Касиети:** Тамырларын жана тамыр сабактарын жыйнап алуу август, сентябрь айларында күзүндө же эрте жазда жүргүзүлөт. Казылып алынган тамыр сабактарды топурагынан ажыратып, муздак сууга жууп 10-15 см узундукта бөлүкчөлөргө кесип, жоондорун ортосунан жара тилип, ичиндеги карарып кеткен жерлерин алып тазалап салышат. Кургатууда таза жана кургак жерде желдетип сактоо сунушталат. Даярдалган сырье 2-20 см узундуктагы, калыңдыгы 3см, узунунан жара тилинген, бырыштуу, сыртынан бозомтук күрөң ал эми ичи ак саргыл ар түрдүү формадагы тамыр сабактардан жана тамырлардын бөлүкчөлөрүнөн турат. Жагымдуу өзүнө тиешелүү жыты бар, б.а. сырьену таануучу белгиси болуп саналат. Карындыздын жыты камфоранын жыты жыттанып турат.

**Курамы:** Карындыздын тамырынын составында 3% чейин эфир майы, 44% инулин, 0,3% алколоиддердин курамы аныкталган. Мындан тышкары углеводдун кээ бир кошумчалары да аныкталган. Мисалы: фруктоза, полисахарид, лактон.

**Колдонуу:** Инулинди жана анын кошулмаларын өндүрүштө алуу үчүн сырье катары колдонулат. Карындыз ичеги-карын, бронхит, пневмония ооруларын дарылоодо колдонулат. Карындыздын тамырынын майдаланган порошогунан 1 чоң кашык 200 гр кайнак сууга кошуп жай отко 15 минута кайнатып, муздаганда 1 чоң кашыктан саат сайын ичип, даярдалган кайнатманы ичип түгөтүү керек. Бирок, бөйрөгү ооругандар жана кош бойлуу аялдар ичүүгө болбойт.

**Майда гүлдүү адонис-адонис мелкоцветковый-Adonis**
**Байчечекейлер тукуму – Ranunculaseae**
**Пайдалануу бөлүгү – чөбү**

Узун тамыр сабагы бар, бийиктиги 40 см келген көп жылдык өсүмдүк. Жалбырактары узун, пластинкасы канаттай 2-3 ирет тилтнген. Гүлдөрү жалкы, жалтырак саргыч түскө ээ. Мөмөлүү башы шар түрүндө, мөмөсү жылаңач июнь, июль айларында гүлдөп, август айында мөмө берет.

**Таралышы:** Бийик тоо алкагында, ички Тянь-Шань тоолорунда коруктун Көл-Төр өрөөнүндө кездешет.

**Касиети:** Бул өсүмдүктү гүлдөгөндөн баштап мөмө бергенге чейин жыйнайт. Жыйноо учурунда тамыры менен жулбастан оруп,көлөкө жерде таза кагаз бетине жайып кургатат. Мүмкүн болушунча адонистен К-строфантин дары затын алуу үчүн сыре катары сунуш кылынат.

**Курамы:** Адонис өсүмдүгүндө К-жүрөк гликозиди, В-строфантин, цимарин, адонивернитин, ошондой эле кумарин,флавоноид, стеорид, сапонин жана адонит спирти бар.

**Колдонуу:** Строфантин медицина практикасында жүрөк катуу ооруганда, борбордук нерв системасын тынчтандырууда жана зааранын чыгышын күчтөндүрүүдө кеңири колдонулат.

**Чөл шалфейи-шалфей пустынный-Salbial dererta**

**Эрин гүлдүүлөр тукуму - Labiatae(Lamiaceae)**

**Пайдалануу бөлүгү – жалбырагы**

Узундугу 25-75 см келген жыгач сымал чачылуу жаш тамыры бар көп жылдык жарым бадалча, өсүмдүк. Сырты ак түк менен капталып, төрт кырдуу, сабагы тике өсөт. Көп сандаган жалбырактары бар, алар тушташ жайгашкан, жумуртка сымал сүйрү, үстү жагында сейрек, астыңкы жагында кыйла жыш, түктөрү бар. Жалбырактарынын түбүнөн көп сандаган бутактар өнү чыгат. Сабагынын жана бутактарынын учунда үзүлмө чачыдай гүлдөр жайгашкан. Гүл чөйчөкчөсү беш тишчелүү. Эки эриндүү кызгылт-көк тажысы бар. Мөмөсүнүн диаметри 2.5-3 мм тоголок күрөң жаңгакчалардан турат. Июнь, июль айларында гүлдөйт, август айында мөмөсүн берет.

**Таралышы**: Коруктун Бел-Тепши, Сай-Ачык, Кызыл-Белес, Кара-Жылга өрөөндөрүндө кездешет.

**Касиети:** Дары шалфейи сезгенүүгө каршы жана дезинфекцияалоочу да касиети бар. Кайнатмасын дем алуу органдарынын былжырлуу чел кабыгы сезгенип ооруганда чайкоо үчүн колдонулат. Шалфейдин жалбырактары какырыкты бошотуучу кошундуларынын составына кирет.Шалфейдин демдемесин сезгенген жана ириңдеген тери ооруларына колдонот.

**Курамы:** Шалфейдин жалбырактары эфир майларына жанатритерпен кислотасына, Р жана РР витаминдерине бай. Жаңы чыккан жалбырагында бактерициддүүлүк касиети көп.

**Колдонуу:** 1 чоң кашык шалфейдин майдаланган жалбырагын 1 стакан кайнак сууга 20 минут демдеп, чыпкалап, ооз көңдөйүнүн сезгенишине жана пародонтоз, стомотит болгондо оозду чайкаса жакшы жардам берет.

Элдик даарыгерчилик байыркы кыргыз элинде да илгертен эле колдонулуп, адам менен жаратылыштын ортосундагы тыгыз байланыш, эриш-аркак мамиледе болгону баарыбызга маалым. Ошол себептен бул макалада жергиликтүү калктын ата-бабаларынан бери колдонуп келишкен жана азыркы мезгилде да кеңири колдонушкан Каратал-Жапырык мамлекеттик жаратылыш коругундагы өрөөндөрдө кеңири таралган кээ бир дары-дармек өсүмдүктөрдүн жалпы касиети боюнча баяндама берилди.

**Адабияттар:**


1. Алтымышев А.А. Лекарственные богатства Киргизии. - Фрунзе, 1976.
2. Алтымышев А.А. Природные целебные средства. Бишкек, 1991.
3. Алимбаева П.К., Нуралиева Ж.С. Дартка даба өсүмдүктөр. - Бишкек, 1991.
4. Алимбаева П.К., Гончарова А.В. Дикорастущие лекарственные растения в Киргизии. - Ф.,1971.
5. Машковский М.Д. Лекарственные лекарства. - М. Т.1. 1972.
6. Содомбеков И.С. ж.б., Ата-бабалардын салттарында колдонулган дары-дармек өсүмдүктөр. КУАУ Жарчысы, №2 (18), 2010, 58-60-б.
7. Каратал-Жапырык Мамлекеттик жаратылыш коругуна 20 жыл. - Б., 2014.


**Рецензент: к.биол.н., доцент Ахматов М.К.**